| | |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги Улуттук аккредитациялык кеңештин мүчөлүгүнө **жумуш берүүчүлөрдүн жана алардын кесиптик бирикмелеринин мүчөлөрү үчүн** ачык конкурс жарыялайт. | |
| Конкурска катышуучуга коюлуучу талаптар**:**<br>**Кесиптик билим деңгээли:** жогорку кесиптик билим.<br>**Иш стажы жана тажрыйбасы:**<br>- талапкерди сунуштаган уюмдун иштеген мөөнөтү 3 жылдан кем эмес болушу;<br>- талапкердин билим берүү системасында же билим берүү чөйрөсүндөгү кесиптик уюмдарда иш-тажрыйбасынын жана кесиптик байланыштарынын болушу;<br>- талапкердин аны сунуштаган уюмда иш тажрыйбасы 3 жылдан кем эмес болушу.<br>**Жалпы квалификациялык талаптар. Төмөнкүлөрдү билүү:**<br>1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы;<br>2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамы;<br>3. Кыргыз Республикасынын “Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө” мыйзамы;<br>4. Кыргыз Республикасынын “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” мыйзамы;<br>5. Билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын алдындагы Улуттук аккредитациялык кеңеш жөнүндө ЖОБО;<br>6. Билим берүү жаатындагы аккредитациялык агенттиктерди таануунун ТАРТИБИ;<br>7. Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында көз карандысыз аккредитация боюнча актыларды бекитүү жөнүндө токтому. | |
| 2 | Конкурска катышуу үчүн төмөнкү документтер тапшырылууга тийиш: |

| | |
|---|---|
| - жеке арызы;<br>- резюме (электрондук даректи көрсөтүү менен);<br>- нотариустан же акыркы иштеген жеринде күбөлөндүрүлгөн билими жөнүндө документтин көчүрмөсү;<br>- нотариустан же иштеген жеринде күбөлөндүрүлгөн эмгек китепчесинин көчүрмөсү;<br>- жумуш берүүчүнүн жана алардын кесиптик бирикмесинин сунуштамасы;<br>- паспорттун көчүрмөсү. | |
| 3 | Документтерди кабыл алуу дареги |
| Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги.<br>Бишкек шаары, Тыныстанов көчөсү №257.<br>Кабыл алуу мөөнөтү: 2023-жылдын 10-мартынан тартып 2023-жылдын 15 марты, саат 18.00 чейин.<br>Байланыш телефону: (0312) 62-10-46, 0705155844. Кабинет № 426. | |